| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br><br>ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>ХАН-ТЕНИРИ |
|---|---|---|

Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1 чакырылышынын кезектеги 17 - сессиясы

**Т О К Т О М**

**2026-жыл 09-апрели** **№ 19** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Хан-Теңири айыл аймагындагы элеттик аялдардын укуктарын коргоо, коомдогу ролун жогорулатуу, менталдык ден соолугуна кам көрүү жана "Элеттик айымдар күнүн" белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №1 «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгына, ошондой эле аялдардын коомдогу ролун жогорулатуу, алардын эмгегин баалоо жана үй-бүлөлүк баалуулуктарды чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34 жана 39-беренесине ылайык Хан-Теңири жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Хан-Теңири айыл аймагында элеттик аялдардын укуктарын коргоо, коомдогу ролун жогорулатуу жана менталдык ден соолугуна кам көрүү боюнча Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. 2026–2030-жылдар ичинде Хан-Теңири айыл аймагында 18-июнь — «Элеттик айымдар күнү» деп белгиленсин.
3. Аялдардын коомдогу ролун даңазалоо жана укуктук сабаттуулугун арттыруу максатында айыл өкмөтү төмөнкү иш-чараларды камсыз кылсын:
- Аялдардын укуктарын коргоо жана зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча маалыматтык кампанияларды жана юридикалык кеңеш берүүлөрдү уюштуруу;
- Айылдагы үлгүлүү, эмгекчил жана коомдук иштерде активдүү айымдарды аныктап, сыйлоо аземин өткөрүү;
- Аялдардын менталдык ден соолугун чыңдоо багытында психологиялык тренингдерди жана маданий программаларды даярдасын жана бекитсин.
4. Иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү үчүн атайын уюштуруу комитети түзүлсүн.
5. Каржылоо маселеси жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүнө жараша жана демөөрчүлөрдүн эсебинен чечилсин.
6. Токтом ММКларга жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
7. Бул токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго, токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулук, укук коргоо, өзгөчө кырдаал, депутаттык этика, жарандардын укугун жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**

Тиркеме 1

## Хан-Теңири аймагындагы элеттик аялдардын укуктарын коргоо, коомдогу ролун жогорулатуу жана менталдык ден соолугуна кам көрүү боюнча ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Хан-Теңири айыл аймагында жашаган аялдардын социалдык-укуктук абалын жакшыртуу, алардын коомдук турмушка катышуусун активдештирүү жана психологиялык бакубаттуулугун камсыз кылуу максатында иштелип чыкты.

1.2. Жобонун укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин инсандын руханий өнүгүүсү жөнүндө жарлыктары түзөт.

### 2. Жобонун максаттары жана милдеттери

2.1. Максаты: Элеттик айымдардын коомдогу ордун даңазалоо, алардын эмгегин баалоо жана ар тараптуу колдоо көрсөтүү.

2.2. Милдеттери:

- Аялдардын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу жана зордук-зомбулуктун алдын алуу;
- Аялдардын менталдык (психикалык) ден соолугун чыңдоо жана моралдык колдоо көрсөтүү;
- Үлгүлүү үй-бүлөлөрдү жана коомдук иштерде активдүү айымдарды аныктоо жана сыйлоо.

3. Аялдардын коомдогу ролун даңазалоо жана укуктук сабаттуулугун арттыруу максатында айыл өкмөтү тарабынан төмөнкү иш-чаралар камсыз кылынсын:

3.1. Аялдардын укуктарын коргоо жана зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча маалыматтык кампанияларды жана юридикалык кеңеш берүүлөрдү уюштуруу;

3.2. Айылдагы үлгүлүү, эмгекчил жана коомдук иштерде активдүү айымдарды аныктап, сыйлоо аземин өткөрүү;

3.3. Аялдардын менталдык ден- соолугун чыңдоо багытында психологиялык тренингдерди жана маданий программаларды даярдоо жана бекитсин.

4. "Элеттик айымдар күнүн" өткөрүү тартиби :

4.1. "Элеттик айымдар күнү" жыл сайын 18-июнда Хан-Теңири айыл аймагынын Ново-Вознесеновка айылынын маданият үйүндө же билим берүү мекемелеринде өткөрүлөт.

4.2. Иш-чаранын программасы төмөнкү бөлүктөрдү камтыйт:

- Расмий бөлүк: Айыл өкмөт башчысынын, айылдык кеңештин төрагасынын жана келген меймандардын куттуктоо сөздөрү;

•	Маалыматтык-консультациялык бөлүк: Юристтердин жана психологдордун катышуусунда семинарлар, "ачык микрофон" форматындагы жолугушуулар.
•	Маданий бөлүк: Концерттик программа, сахналык көрүнүштөр жана көркөм окуулар.
•	Сыйлоо аземи: Номинациялар боюнча ардак грамоталарды жана баалуу белектерди тапшыруу.

5. Номинациялар жана сыйлоо критерийлери

5.1. Катышуучуларды сыйлоо үчүн төмөнкү номинациялар белгиленет:
•	"Үлгүлүү эне": Көп балалуу, балдарына татыктуу тарбия берген жана коомго үлгү болгон энелер.
•	"Эмгекчил айым": Айыл чарбасында, билим берүүдө, медицинада же башка тармактарда өзгөчө эмгек сиңирген аялдар.
•	"Коомдук активист айым": Айылдын социалдык көйгөйлөрүн чечүүгө демилгечи болгон аялдар.

6. Уюштуруу жана каржылоо

6.1. Иш-чараны уюштуруу Хан-Теңири айыл өкмөтү тарабынан түзүлгөн атайын уюштуруу комитетине жүктөлөт.

6.2. Уюштуруу комитети сценарийди иштеп чыгат, коноктордуу чакырат жана маалыматтык коштоону камсыз кылат.

6.3. Иш-чараны каржылоо жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын жана мыйзам тарабынан тыюу салынбаган демөөрчүлүк жардамдардын эсебинен ишке ашырылат.

7. Корутунду жоболор

7.1. Бул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Хан-Теңири жергиликтүү кеңешинин чечими менен киргизилет.

7.2. Жобо бекитилген күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **Т.Узаков**